УДК: 165.1
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-422-427

**Кочкорова Д.А.**
филос. илимд. канд., доц.
Ош мамлекеттик университети
dkochkorova@oshsu.kg
**Юсупова Р.О.**
филос. илимд. канд.
Ош мамлекеттик университети
rita-yusupova-2015@mail.ru
**Кочкорова Д.А.**
канд. филос. наук, доц.
Ошский государственный университет
dkochkorova@oshsu.kg
**Юсупова Р.О.**
канд. филос. наук
Ошский государственный университет
rita-yusupova-2015@mail.ru
**Kochkorova D.A.**
Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor
Osh State University
Osh, Kyrgyz Republic
dkochkorova@oshsu.kg
**Yusupova R.O.**
Lecturer
Candidate of Philosophical Sciences
Osh State University
Osh, Kyrgyz Republic
rita-yusupova-2015@mail.ru

# ТААНЫП-БИЛҮҮДӨГҮ ЭЛДИК ОЮНДАРДЫН СУБСТАНЦИЯСЫ

# СУБСТАНЦИЯ НАРОДНЫХ ИГР В ПОЗНАНИИ

# THE SUBSTANCE OF FOLK GAMES IN COGNITION

**Аннотация:** Макалада авторлор элдик оюндарды таанып-билүүнүн жолдорунун жана инсандын калыптанышынын факторлорунун бири катары аныктоого аракет кылышат. Ааламдашуу шарттарында этникалык иденттүүлүктү калыптоо көйгөйү социалдык таанымга белгилүү бир милдеттерди коюуда. Алардын бири болуп элдик оюндардын таанымдагы ордун аныктоо эсептелет. Элдик оюндар универсалдуу мүнөзгө ээ болуп, дүйнө таанымдык функцияны аткарышат жана улуттук салттуу маданиятты сактап калуудагы маанилүү факторлордун бири болуп саналат.

**Негизги сөздөр:** Таанып-билүү, элдик оюндар, инсандын калыптанышы, салттуу билимдер, улуттук иденттүүлүк, билим берүү жана тарбиялоо.

**Аннотация:** В статье авторы пытаются обосновать, что народные игры являются одним из факторов познания и формирования личности. В условиях глобализации проблема формирования этнической идентичности ставит определенные задачи перед воспитанием и процессом познания. Среди форм воспитания и познания следует выделить определенную

роль народных игр, которые носят универсальный характер, выполняют познавательную функцию и являются одним из важных факторов сохранения традиционной национальной культуры.

**Ключевые слова:** Познание, народные игры, формирование личности, традиционное знание, национальная идентичность, образование и воспитание.

**Annotation:** In the article, the authors try to designate folk games as one of the factors of cognition and personality formation. In the context of globalization, the problem of the formation of ethnic identity poses certain tasks for social cognition. Among them, the definition of the role of folk games in cognition stands out. Folk games are universal in nature, perform a cognitive function and are one of the important factors in the preservation of traditional national culture.

**Keywords:** ognition, folk games, personality formation, traditional knowledge, national identity, education and upbringing.

Таанып-билүү өзүнүн маңызы боюнча түрдүү формалар менен мүмкүнчүлүктөргө ээ. Адамзат таанып-билүү жараянынын натыйжасында курчаган чөйрөнүн: табияттын, коомдун жана адамдын өзү жөнүндө маалыматтарга ээ болуу менен, инсандык сапаттары калыптанат жана алган билимдери жашоо-турмушта колдонулат. Таанып-билүүнүн жолдорунун же инсандын калыптанышынын факторлорунун бири катары оюнду атоого болот. Оюндар аркылуу жаш жеткинчектер курчап турган чөйрөнү таанып-билет, социалдык нормалар менен таанышып, өзүн, өзүнүн коомдогу ордун аңдап сезет, коомдук турмушка даярданат. Оюн адамдын акыл-эсин, эс-тутумун өстүрүүгө өбөлгө түзүп, түрдүү көндүмдөрү менен жөндөмдөрүнүн калыптанышына түрткү болот.

Оюн – эмгек жана окуу сыяктуу эле адамдардын маданий иш-аракетинин бир түрү. Ал байыркы замандарда эле пайда болуп, инсандын түрдүү сапаттарынын, мүнөзүнүн, адаттарынын, жөндөм-көндүмдөрүнүн калыптанышында жана өнүгүшүндө маанилүү орунду ээлейт. Инсандын жашоосунун бардык этаптарында оюн дайыма коштоп жүрөт. Жаш балдар үчүн оюн ишмердүүлүктүн негизги түрү болгон болсо, чоңдор үчүн да аз эмес мааниге ээ. Оюндар формалары жана адамдардын жашоосунда аткарган функциялары боюнча өзүндө түрдүү мүнөздөр менен маныздарды камтып турат. Алардын баарын карап чыгуу биздин изилдөө максатыбызга кирбейт. Оюндагы бизди кызыктырган жагдай – элдик оюндардын таанып-билүүдөгү орду болмокчу.

Элдин калыптануу тарыхына ылайык элдик оюндар экономикалык, саясий, социалдык жана башка жараяндардын таасирине дуушар болуу менен калыптанып, ошол элдин кулк-мүнөзүн, адеп-ахлагын, жүрүм-турумун, тыюу салууларын, бир сөз менен айтканда социалдык нормаларын үйрөнүүнүн булагына айланган. Элдик оюндар байыркы кыргыздар менен азыркы муунду байланыштырып, бүткүл кыргыз элинин тарыхында жаштарды тарбиялоонун куралы болуп келген, бүгүнкү күндө болсо алар улуттук рухту калыптоочу жана жандандыруучу мүнөзгө ээ. А.Ж. Байбосунов белгилегендей, кыргыз элинин көчмөн турмушунун архетиби элдин ойлоо образынын уникалдуу спецификасын, рухий-маданий баалуулуктар системасын жана дүйнө кабылдоосунун таанымдык салттарын аныктап берген. Жашоо образынын өзгөчөлүгү адамдын Аалам менен болгон өз ара мамилесинин индивидуалдуу интерпретациясын шарттаган [1, 38-б.]. Айтылган пикир толугу менен кыргыз элинин рухий-маданий баалуулуктарынын формаларынын бири болгон элдик оюндарга да тиешелүү. Ошентип, элдик оюндар улуттун менталитетин жана маданиятын чагылдыруу менен, таанып-билүүдө көп кырдуу баалуулуктук мүнөзгө ээ. Бир тараптан элдик оюндар көңүл ачуунун формасы болсо, экинчи тараптан улуттун тарыхын, эс тутумун, турмуштук эрежелерин таануунун жана жашоого даярдануунун жолдорунун бири болуп саналат. Башкача айтканда, оюндар адамдын инсан катары калыптанышындагы маанилүү каражат катары кызмат өтөйт. Кыргыз эл оюндары да кылымдар бою элдин калыптанышы

менен кошо пайда болуп, өзгөрүлүп, байытылып, тааным каражаты катары улуттун өнүп-өсүшүндөгү факторлордун бири болуп келген. Муундан-муунга өткөрүлүп, улам элдик турмуш-тарыйба аркылуу түзөлүп барган кыргыз эл оюндары кыргыз элинин мүдөөсүн туюндурган улуттук аң-сезиминин берилиши болуу менен, анын дүйнө таанымынын көрүнүшү катары жашап келген. Байыркы кыргыздардын элдик оюндарынын алкагында кыргыз элинин рухий ой-мүдөөсүнүн талаптарына туура келген дүйнөнүн реалдуу сүрөттөлүшү калыптанып баштаган. Элдик оюндар аркылуу байыркы заманда адамдар тышкы дүйнөнүн реалдуу байланыштары менен мамилелерин түшүнүүгө жана аларга ылайык аракет этүүгө, адамдын, коомдук мамилелердин маңызын тушүнүүгө мүмкүнчүлүк алган. Ага жараша, байыркы кыргыздардын дүйнөнү рухий өздөштүрүүсүндө курчап турган чындыкты адамдардын кабылдоосунун жана кайра практикалык өзгөртүп түзүүсүнүн спецификалык формасы – өзүнчө коомдук кубулуш катары орун алган. Алардын турмуштук практикага, жашоо шарттарга ылайык өзгөрүүсү жана өнүгүүсү адамдардын табият менен коомдун объективдүү байланыштарын аңдап-сезүүсүнүн көрүнүшү катары кыргыз элинин философиялык ой-жүгүртүүсүнүн бир элементи деп баалоого болот. Ы.М. Мукасов туура баа бергендей, “байыркы кыргыздардын дүйнө карашындагы философиялык ойлордун элементтери ..... адамдардын рухий прогрессинин маанилүү жана зарыл баскычы болуу менен, алардын теориялык таанымынын башатынын калыптанышында күмөнсүз чоң ролду ойногон” [6, 61-б.]. Кыргыз элдик оюндары улуттун калыптануусунда таанымдын натыйжасы болуу менен катар эле, кийинки муун үчүн улуттук ой-туюмду, үрп-адат, каада-салтты, наркты таануунун булагы да болуп саналат. Элдик оюндар анын жашоосундагы реалдуу окуялардын сүрөттөлүшүн чагылдырып, турмуштук да, маданий-тарыхый да мазмунга ээ. Анын ушундай мазмуну элдик оюндарды салттуу билимдердин бир көрүнүшү катары аныктайт.

Жалпы жонунан, мазмунуна жараша, кыргыз элдик оюндарын төмөндөгү категорияларга бөлүүгө болот:

– өткөн муундардын күнүмдүк турмуш-тиричилигин, иш-аракеттерин чагылдырган оюндар;

– элдин тышкы чөйрө – табият менен болгон мамилесин туюндурган оююндар;

– элдин диний ишенимин чагылдырган оюндар;

– тапкычтыкка, ыкчамдыкка жана чечкиндүүлүккө багытталган оюндар (же акыл оюндары);

– шамдагайлыкка жана күчкө багытталган оюндар;

– көңүл ачуучу оюндар;

– аскердик багыттагы оюндар ж.б.

Албетте, элдик оюндарды ушундай классификациялоо шарттуу мүнөзгө ээ. Анткени, кайсыдыр бир оюн бир катар категорияларга тиешелүү болушу да мүмкүн. Канткен учурда да, алар кайсы категорияга таандык болбосун, элдик оюндардын мааниси – элди биримдикке, акылмандуулукка, улуттук баалуулуктарды урматтоого, улуттун кулк-мүнөзүн, нарк-насилин сактоого, сабырдуулукка, түрдүү кырдаалдардан ийгиликтүү чыга билүүгө, амалкөйлүккө, табият менен ирегелеш жашоого үйрөткөндүгүндө. Ушул маанисинде алардын гносеологиялык маңызы даана көрүнөт.

Элдик оюндардын гносеологиялык башаты алгачкы коомдун дүйнө таанымынын синкреттик мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Е.В. Беляева алгачкы коомдун синкреттик мүнөзүн төмөнкүчө белгилеген: «Алгачкы коомдогу синкретизмдин өзгөчөлүгү, ал кандайдыр бир элементтердин биригүүсү же синтези эмес, ал дүйнө жана андагы адамдын орду жөнүндөгү элестөөлөрдүн баштапкы бүтүндүгү» [2, 61-б.]. Автор мында таанып-билүүдөгү синкретизмдин жалпы байланышына көңүл буруп, бирок алгачкы адамдардын дүйнө жөнүндөгү философиялык ой жүгүртүүлөрү окшоштук теориясы аркылуу идеалдаша тургандыгын эске алган эмес. Дүйнө жана андагы адамдын ордун аныктоо жаратылыш

кубулуштары жөнүндө пайда болгон ой-жүгүртүүлөрдүн биригүүлөрү аркылуу ишке ашкан. Мисалы, байыркы адамдардын таанып-билүүдөгү коргонуу, керектөө аракеттеринен, дүйнөнүн моделин алуудагы синкреттик форма активдешкен. Таанып-билүүдөгү синкреттик жана жамаатташуу динамикалары жашоонун зарыл шарттарынын мазмунун берген. Байыркы жашоочулар үчүн өзүнчө жашоо жат көрүнүш болгон. Топтогу адамдардын таанып-билүүсү улуу муундан турган уруу башчысынан көз каранды болуп, ал эмнени туура көрсө, коом анын чечимин кабыл алган. Ошондой эле алар дүйнөнү таанып-билүүнүн маңызын максаттуу чогуу жашоодон көрүшкөн. Байыркы адамдардын демейки жашоосундагы синкреттик таанып-билүүдө инстинктик жана табигый шартсыз рефлекстер өнүккөн абалда болгон. Адамдардын мындай мүнөздөрү өзгөрүп, мазмундук түшүнүктөргө жеткен. Алгачкы коомдун таанып-билүүсүндөгү дүйнөгө болгон көз караштардын айкалышын салттык адаттардын «элдик оюндарга» өтүү процессинен көрүү негиздүү. Дүйнөнү таанып-билүүдө алгач оюндар кармашууда, аңчылыкта ийгилик алып келүүчү, ооруларды дарылоодо, жамгырды чакыруу жана жакшы түшүм берүүгө арналган диний-магиялык салттардын ролун аткарган [3, 107-б.]. Байыркы коомдун дүйнөнү элестетүүлөрүндө ишеним орчундуу мааниге ээ болуп, салттуу оюндарды чагылтып турууучу адат кыймылдары, максаттуу ырым-жырым түзүлүшүндө туюндурулган. Ошондуктан таанып-билүүдө ар бир нерсенин кабыл алынышы практикага ылайык кубулуштук мааниге ээ болгон. Алсак, кыргыздардын байыркы элдик оюну «Ордо» адамдардын уюмдуу жашоосуна синкреттелген. Ордо канына, тилине, динине, адеп-ахлагына карап түзүлбөйт, бирок ордо үчүн уюшулуу зарыл [4, 58-б.]. Бул оюндун бир нече адамдардын тобу менен коштолуусу милдеттүү эреже катары кабыл алынат. Таанып-билүүдө жерге тегерете сызылган сызык, мурун мергенчилер аңчылыкка баратканда же аңдан келгендеги өздөрүнүн жасала турган жана ишке ашырып келгендеги диний-магиялык максатка ылайык салттык кыймылдарынын контекстинде чагылдырылган. Дүйнөнү таанып-билүүдөгү зарылдыктан келип чыккан күнүмдүк билимдердин рационалдык маңызы байыркы адамдардын түрдүү кырдаалдардан чыгууга даяр болууну элестете алгандыгында. Алардын ой жүгүртүүлөрү кызыкчылыктары менен тыгыз байланыштырылып, метерия жана болмуштун карым-катнашы өз ара синкреттик абалды берген. Салттуу адаттар — оюндарга, аң уулоодогу диний-магиялык кыймылдар — жоокерчиликке алмашкан. Жоокерлерди үйрөтүү тактикасы катары, мергенчиликтин тегеренме ыкмасы колдонулган жана бул адамдарды өзүнө буруп, чоң контингенттеги жоокерлерди даярдоого багытталган [5, 170-б.]. Автордун пикирине ылайык, таанып-билүүдөгү жерге тегерек сызуу алгачкы адам үчүн көп маанини интерпретациялаган. Бул форма муундан-муунга, жоокердик тактикада колдонулуучу белгини калыптаган. Ошондуктан, дүйнөнү таанып-билүүдө салттуу адатка айланган максаттуу кыймылдардын, түшүнүктөрдүн маңызы сакталып, формасы коомдун өнүгүүсүнө жараша иргелип, танылып, трансформацияланып, өзгөрүүгө учурап, азыркы этностук оюндардын катарында десек жаңылышпайбыз.

Таанып-билүүдө ордо карама-каршы жактын негизги күчүн же душманды кантип жеңүүнүн жолдорун жана коргоонун ыкмаларын көрсөтүү болуп саналат. Ошондой эле оюнчунун кыймылдарында жоокердин жеңишке жетүү, өзүн коргоп калуу, сактык, шамдагайлык аракеттери чагылдырылган. Ордо оюну катышуучуларды акыл-эсин өстүрүүгө, эрктүүлүккө, туруктуулукка, чечкиндүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялаган. Ал эми оюнчудан жогорку чебердикти, өзгөчө ыкманы, сезимтал билгичтикти, чыдамкайлыкты талап кыла тургандыгы оюн учурунда талдоого алынган. Катышуучунун күчүн үнөмдүү сарптай билиши, жыйынчактуу болушу зарыл талаптардан болуп эсептелет. «Манас» эпосунда бул талаптардын аткарылышы төмөндөгүчө жандуу баяндалат:

Атып, атып чүкөгө,
Ичке түшүп имерип,
Томпой менен жиберип,

Чертүүгө Манас барганы [7, 158-б.] – деген саптарда Манастын ыкчам кыймылы даңазаланган. Демек, кыргыз элинин таанып-билүүсүндө салттуу адаттардын генезиси дүйнөнү максаттуу өздөштүрүүнүн схемасын берип, жаратылыш кубулуштарына адаптацияланууга мүмкүндүк жараткан.

Дүйнөнү таанып-билүүдө байыркы адамдар сүрөттөрдү таш бетине чегип тартышкандыгы тарыхый эстеликтерден белгилүү. Мындай булактардан байыркы көчмөн элибиздин көөнөрбөс мурасы болгон «тогуз коргоол» оюну чегерилген маалыматтарды кездештирүүгө болот. Ал Кара-Көл шаарынын батыш-чыгышындагы Төө-Жайлоо тоолорунан табылгандыгы айтылат. Мында «тогуз коргоол» оюнунун тарыхый мааниси көрсөтүлүп, анын азыркы археологиялык изилдөөлөрдөгү шахмат оюнуна жакындыгы бар экендиги И.Б. Молдобаев, К.К. Юдахин, П. Леденевдордун изилдөөлөрүндө белгиленет: «Бул оюндагы колдонулган тактача, андагы кумалактардын саны кадимки эле шахматты элестетет» [8, 115-б.]. Окумуштуулар байыркы адамдардын таанып-билүүндө жыгач тактага чийилген сызыктар жана анда колдонулуучу каражаттар шахматтын образын берерин айгинелешкен. Ошондой эле уруулардын жайгашуу аймактарын көрсөтүп туруучу «карта» катары да пайдаланылгандыгы божомолдонот. Демек, байыркы кыргыздардагы элдик оюндар, алардын дүйнөнүн сүрөтүн элестөө көз караштарын ичине алган таанып-билүү иш-аракети экендигин байкоого болот. Бул сыяктуу оюндарга: күрөш, чатыраш, топ таш жана башкаларды кошууга болот. Тогуз коргоол оюнунун тарбиялык мааниси жөнүндө төмөндөгү пикир колдоого аларлык: “биринчиден жаш өспүрүмдөрдүн ой жүгүртүүсүн, логикасын, тапкычтыгын, жаш муундардан чебер искусствону, так эсептөөнү, жөндөмдүүлүктү, шамдагайлыкты талап кылып, эмгекке болгон мамилеси аң сезимдүүлүгүн арттырып келген. Жаш өспүрүмдөр мындайча айтканда математиканы өздөштүрүүгө да жардам бере турган акылман оюндардын бири. Жаш муундарда жөндөмдүүлүк, эмгекке болгон умтулууну да талап кыла турган оюн” [9, 3-б.].

Жогоруда кыргыз элдик оюндарынын ичинен экөөнү гана учкай карап өттүк. Бардык эле элдик оюндардагы эрежелердин сакталышына болгон талап оюнчулардын жоопкерчилик сапатын калыптоодо чоң мааниге ээ. Жоопкерчилик – азыркы доордогу зарыл инсандык сапат. Мейли аскердик же көңүл ачуучу оюндар болсун, атаандаштык менен катар адамгерчилик, жамаатчылык, ынтымак, сый-урматтуулук, эрктүүлүк, шамдагайлык, тапкычтык ж.б. инсандык сапаттарды калыптоочу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ошол эле учурда алар улуттук рухту таанууга жана анын калыптанышына өбөлгө түзөрү анык. Бүгүнкү күндө ордо, тогуз коргоол менен катар эле күрөш, көк бөрү, чүкө атмай, кыз куумай, ат чабыш, чатыраш, аркан тартыш, жаа атуу, жоолук таштамай, ак чөлмөк ж.б. элдик оюндар өлкөбүздөгү түрдүү иш чараларда, майрамдарда кеңири таралып, кыргыз элинин улуттук маданиятын таануунун каражаттарынын бирине айлангандыгы кубанарлык жөрөлгө. Оюндардын күчү – ички сезимди оңой козгоо менен, рухту тарбиялоодогу жеңил каражат экендигинде. Оюн аркылуу инсан тарбияланып, адамзат тажрыйбасын тез өздөштүрүрүүсүнө жардам берет. Элдик оюндар ошол элдин бүтүндөй турмуштук тажрыйбасын өзүнө камтып, курчап турган чөйрө менен таанышууга умтулуусуна шарт түзөт. Анткени элдик оюндар түшүнүктүү, жеткиликтүүлүк сыпаттарга ээ болуу менен катар, элдик баалуулуктарды өзүнө камтып турушат.

Элдик оюндар кыргыз элинин тарыхында белгилүү бир доорлордо пайда болуп, ошол доорлордун болмушун чагылдырат. Азыркы учурда алар ошол доорлордун шарттарынан алыстап, башка мүнөздөргө өтүштү. Ага карабастан, элдик оюндарда улуттук калорит, элдин өзүн туюндуруусунун оргиналдуулугу, тили менен формасынын өзүнчөлүгү, бир сөз менен айтканда, кыргыз элинин иденттүүлүгү сакталган. Бүгүнкү ааламдашуу шартында элдик оюндар, аларды үйрөнүү жана таратуу аркылуу кыргыз элинин иденттүүлүгүн сактап калуу мүмкүнчүлүгү бар. Ошондуктан, улуттук аң-сезимди калыптандырууда элдик оюндарды колдонуу чоң мааниге ээ.

Инсандын социалдашуу жараяны көп кырдуу. Бул жараян өзүнө адамзаттын түрдүү тажрыйбаларын, иш-аракеттерди камтып турат. Ошол тажрыйбалардын бири – элдик оюндар. Социалдашуу жараянында оюндардын маанилүүлүгү – элдик тажрыйбаны өздөштүрүү менен, оюндагы аракеттери аркылуу өздөрүнүн тышкы чөйрөгө жана башка адамдарга болгон мамилесин көрсөтө алышат. Бул болсо адамдардын оюндагы эмес, чыныгы жашоодогу инсандык сапаттарынын калыптанышына шарт түзүшөт. Анан да тарбия жана билим берүүнүн насаатчылык формасына караганда аңдалбастан оңой өздөштүрүлүү өзгөчөлүгүнө ээ. Оюндар курчап турган чөйрөдө багыт алууга, аракет этүүгө жардам беришип, дүйнөнү таанып-билүүгө болгон каалоону арттырышат. Оюндардагы эреже-нормалар реалдуулу турмуштун мыйзамдарын чагылдырышып, социалдык жашоо жөнүндө маалымат беришет. Мындай маалыматтар оюнчунун кызыгуусун арттырып, ойлонууга, күмөн саноого, пайда болгон суроолорго жоопторду издөөгө түртүп, сынчыл ойломун өстүрүүгө жардам берет. Аскердик оюндар мекенин сүйүүгө тарбиялап, патриоттук сезимдерди курчутат. Оюн аркылуу инсан өзүн-өзү таанып, рефлексия жасайт, өзүнүн иш-аракеттерин жөнгө салууга үйрөнөт. Адамдын өзүн өнүктүрүүсүндө бул өтө маанилүү. Оюндардагы түрдүү кырдаалдар ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттырып, сырткы чөйрө жөнүндөгү элестөөлөрүн тактоого жардам берип, өз алдынча аракет этүү жөндөмдүүлүктөрүн өрчүтөт.

Элдик оюндардын мазмуну бирин-бири колдоого, жардамдашууга, жамаатчылык сезимдин күчөшүнө өбөлгө түзүп, адеп-ахлактык тарбия берет. Элдик оюндар инсандын дене мүчөсүнүн, көркөм-эстетикалык табитинин, социалдык-коммуникативдик сапаттарынын, тилинин өнүгүшүн, улуттук баалуулуктардын өткөрүлүп берилишин жана сакталышын шарттайт. Бир сөз менен айтканда, дүйнө таанымын өнүктүрүп, инсандык сапаттарынын калыптандырат.

Демек, элдик оюндар универсалдуу мүнөзү менен дүйнө таанымдык функцияны аткаруу менен катар, улуттук салттуу маданиятты сактап калуудагы маанилүү факторлордун бири болуп саналат. Ошондуктан, аларды билим жана тарбия берүү жараянында, түрдүү иш чараларда ыгына ылайык колдонуу жана жайылтуу оң натыйжаларын берерине үмүт чоң.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Байбосунов А.Ж. Донаучные представление кыргызов о природе. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 184 с.

2. Беляева, Е. В. Исторические типы религиозного синкретизма. [Электронный ресурс] / Е.В. Беляева. – Режим доступа: http:/ /elib.bsu.by/handle/123456789/54089. – Загл. с экрана.

3. Богатырева, Е.Н. Философия и жизненный мир человека [Текст]: сб. ст. молодых ученых / Е.Н. Богатырева. – Саратов: Сарат. ун-та, 2003. – 208 с.

4. Гомбожапов, А. Д. Кочевые цивилизации Центральной Азии в трудах Л. Н. Гумилева [Текст] / А. Д. Гомбожапов. − Улан-Уде: Изд-во БНЦ СО РАН, 2010. − 148 с.

5. Данилов, С. В. Города в кочевых обществах Центрльной Азии [Текст] / С. В. Данилов. – Улан-Уде: Из-во БНЦ СО РАН, 2004. − 202 с.

6. Мукасов Ы.М. Мировоззренческая сущность кыргызских мифов / НАН КР, Ин-т философии и политико-правовых исследований. – Б., Илим, 2018. – 170 с. 7. «Манас» [Текст] / жалпы ред. Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. – 1 бөлук, I - китеп. – 304 б.

8. Молдобаев, И.Б. Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры киргизского народа [Текст] / И. Б. Молдобаев. – Фрунзе: Илим, 1989. – 152 с.

9. Осмонова Б.А. Кыргыз улуттук оюндарынын этнопедагогикалык мааниси / http://jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1621571411_%20%D0%91.pdf

**Рецензент: филос. илим. канд., доц. Итигулова Ж.К.**